# Мурзапар Үсөн

# Биринчи



МУРЗАПАР ҮСӨН

# БИРИНЧИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ
МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНАСЫ
МИНИСТЕРСТВО
КУЛЬТУРЫ, ИНФОРМАЦИИ И ТУРИЗМА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН 00909201410021
№ 14602
орол БАТКЕН шаары

ЦБ
Баткенская ЦБС
ИНВ. № 14602
195340

«Сабыр»
Бишкек 2003

*Баткен районунан чыккан*
*биринчи юрист Абдирашит АЙЖИГИТОВДУН*
*жаркын элесине багышталат*

---

Айлыбыздын чок ортосунда, тогуз жолдун төрт кесилишинде согуштан мурда курулган беш бөлмөлүү мектеп болчу эле. Биз эс тарта 1955-жылы мектеп босогосун аттаганыбызда жападан жалгыз айыл боюнча сырты акталган, үстү чатырланган там ошол эле. Балалык жылдардын жамгырлуу күндөрүндө айыл боюнча баш паанек кыла жык-жыйма толгон эл мектеп класстарында уктаганыбыз эсимде. Оо, анда жепирейген жалпак тамдардын эзилгенче аз калып шөмтүрөгөнүн айтпа. Айлап жааган жамгырдан үйдүн чоло жери калбай сүзмө калтадай шорголоГон тамчынын астында далай жолу буттарыбыз тырыша текчелерде таң атырбадык. Мына ошо жол боюндагы ак мектеп элдин үзүлбөгөн үмүтү сыяктанып, кийин бириндеп айыл үйлөрү чатырланып акыры бул күндөргө жетпедикпи. Прогресс канчалык өркүндөп ар тараптуу алгалабасып баары бир өткөн көкүрөктө жат болуп калган айылымдын жепирейген тамдарынын, кайталангыс ийри-буйру кеткен кашка жолдорунун нуктары, элестери мен үчүн зангыраган ак үйлөргө, жаш жолдорго алмашкыс. Кээде айыл аралап, же бир той топо, тажия, кадым-каада иштерге аралаша калганымда ошо айыл өтмүштөрүн көкүрөк толо кусалык менен эстей берем. Мүйүш айлана басчу жалпак тамдар, анда жашап өткөн адамдар элеси оропара мандайда жүз бере кылык-жоруктары, баскан-тургандары дале баягы, азыр эле жолукчудай, азыр эле сүйлөшчүдөй боло берем. Эми алар кайдан. Баары-баары өттү-кетти. Бир гана өздөрү салган ийри-буйру жолдору, ээн калган жалпак тамдарынын чалдыбар урандылары калды. Бул үй түкүнчонүкү болчу, согуштан кайтпай калып, же ачарчылыкта тентип кетип деген гана сөз айтылбаса кайсы бир жылдары жашоо улагана, бала үнү угулган, келди-кетти базар үй бүгүн минтип жылдар өтмүшүндө калып мелтирен тыптырс. Биздин айылдын тээ аталардан келаткан салттуу жоролгосунун жакшылыгы ушунда, бирөөгө энчиленген жерге кол тийгизбөө, эгер таптакыр эч кимиси калбаса гана там-таш салынбаса, ошондо да түкүнчөнүн атасынын, бабасынын жери болчу,делинип сөз салаватынан жанбайт. Айтыла берет. Отурган адам ал сөзгө терикпейт да. Азыр деле ошо. Тагдыр жазмышынан эч ким кыя өталбасын билишет. Азыр деле ошо, өз ээсин күткөн жерлер,

илдибары чыгып урайын деген тамдар көп. Элдин үмүтүндө ар түрдүү себептер менен алыста жүрүшкөн балдары ата-бабалары иштеткен жерлерине, үйлөрүнө кайтышарына ишенишет. Эртедир-кечтир ал кайра келет, бул жерде, бул үйдө жашоо уланат деген бүтүм жашайт элдин көкүрөгүндө.

Мына ошондой тамы-ташы көп жылдар ээн калган үйлөрдүн бири Айжигит акскакалдыкы болчу. Ал кишинин кандай-андайлыгын билбесем да эл оозунда айтылып калынган чебер комузчулугу. «Айжигит комуз черткенде кайтарган койлору төгөрөктөп жуушап жата берчү» деп калышчу билгендер. Айтор эл кебиндеги накылдык жер оошот; өнөр жуушат дегендей ата тениндеги зиректик, өткүр өтүмдүүлүк ушу кишинин тек-заадында келаткан сыяктанат. Муну мен ал кишинин урпактары Пати эже менен Абдирашит акенин өткүр сезим, курч мүнөздөрүнөн байкап калбадымбы. Ал эми Мадаш акебиздин кандай инсан болгондугун билбеймин. Себеби ал киши Сибир тарапта 1951-жылы күтүлбөгөн жерден каза таап жалгыз кызы калгандыгы гана маалым. Ал эми Абдирашит акемдин болсо алтымышынчы жылдары гана райондун борбору Баткендеги бул чөлкөмдүн жападан жалгыз орто мектеби болгон. Ленинде окуп жүргөнүмдө жакындан көрүп, билип калбадымбы. Болгондо да ар кайсы айылдан барган бир топ балдар менен мектептин жатагынан орун тийбей Панфилов көчөсүнүн бир үйүндө кошуна туруп калбадыкпы. Анда менин классташ-досум Маматтын үйү болчу. Апасы турмушка чыгып өзү жалгыз жашап жүргөнбү кудай берди болуп үч жыл ошол жепирейген там биз үчүн алтын уя эле. Мына ошо бизге кошуна тургандардын бири Абдирашит аке.Биздин айылдан экенин, бизге тууганчылдыгы бардыгын билчүмүн.Көрсө агам Ташкент шаарындагы юридикалык институтту бүтүп 1953-жылдан 1964-жылга чейин кыргызстандын түштүгүндө ар кайсы райондордо, ал тургай коншулаш Тажик республикасынын алыскы Мургаб районунда да иштеп жүрүп анан өз районуна келген учуру экен. Азыр да көз алдымда голифа шым, костюмчан, кара булгары шапка кийген өткүр көз, сымбат сыны келишкен мырза мүнөз жаркын элес жүз берчүдөй боло берет ошо эстен кеткис окуучулук күндөрүмдү эске салып сагындырган мен үчүн кымбат көчө. Бул көчөдө жашаган мага тааныш адамдардын өткөн элестери, баары-баары көз алдымда . «Ну погоди!» деп коюшчу ыраматылык сүрүнө адам даай албаган, дайыма оозунан махорка папиросу түшпөгөн, жаркылдап сүйлөгөн Мамат акени. Анын энеси Марзия эжени. Кийин булар менен «Кызыл топу» трагедиясын жазып жүргөнүмдө

таанышпадымбы. Көрсө бул көчөнүн бир кыдыр-кыслаты бар экен. Ошол Абдирашит акем жашап турган үйдө совет бийлиги үчүн кырчындай 24 жаш өмүрүн арнаган, кызыл отряддын саясий жетекчиси, комсомол Айтпай Имаров, эл оозунда (Кызыл топу)жашап, анан Айтпай өлгөндөн кийин анын иниси Акпар Имаровго калып далай адамдардын кирди-чыктысы болгонбу, Абдирашит акемдин жашап калганынын себеби да аялы Тажинса Акпардын кызы болуп, мураскорлук ошого оогон сыягы. Эсимде кийин көп өтпөй эле башка жака көчүштүбү ал үйгө Мамат аке апасы Марзия эже менен туруп калышты. Кийин Кызыл топуну иликтеп жүргөнүмдө билбедимби Марзия эженин да жөн жайынан келбегендигин. Ал кишинин да тийешеси бар экен. Кызыл топунун бир нууган карындашы болуп чыкты.Абдирашит акем буга да гумандуу мүнөзүн көрсөткөнбү, жигит кишинин өз алдынча пай дубалдан көтөрүүлгөнү жакшы деп аялына түшүндүргөнбү, ыр-чырсыз чыгып кетишкен көрүнөт.

Оо, бул көчөдө жашаган не бир адамдар элеси көз алдымда. «Москва» колхозунун райиси, шыңга бойлуу татар жигити Сагридинов, ага канатташ, «ЗИЛ» машинесин минчү, өзү 105 клаграммдык, жарылдап-дарылдап сүйлөгөн, ичинде бир кымындай кири жок, биз менен аралаша тең курдай эле коюн-колтукташ жашаган Пайиз авам. Оо, буларды көргөн сайын өткөн балакатка жеткен балалык күндөрүм эске түшө эңшериле эстей берем. Кана ошо адамдар, баары-баары өттү-кетти? Пайиз авамдын аялы ыраматылык Батма женемчи. Биз менен кошо ырдасак ырдап, бийлесек бийлеп, болбосо өзү өзбекстанда чоңоюп окуган да эмес. Биздин жаштык жигер менен мектепте койгон Молдогазы Токобаевдин «Кайгылуу Какей» драмасында да катышып сахнага чыгып жүрдү. Аттин, өмүр деген ушу экен да, баары-баары, өттү-кетти. Бу өлүм кары, жаш дебейт экен го. Келдин-кеттиң, өлдүң-өчтүң деген ушу экен да. Алардын жаркын элестери көз алдымда, дагы да жашай түшүшсө кана. Кош бадак таякчан баягы сөөлөттүү Пайиз авамды көргөн сайын бул Панфилов көчөсүнүн тургундарын эстей берем. Баягы эле чаңдуу жол. Дубалдары жамгырга жышылып, баары-баары ордунда. Бир гана ошо үйлөрдөн чыгып тирүүлүктүн шарданына кошулчу мен деген адамдар гана жок. Пайиз авамдын, Мамат акенин, Мамат досумдук үйлөрүнүн жанында зор түп өрүктөр, дүмпүйгөн жүзүм тактары болчу эле. Алар да кыйылып кеткен. Ыраматылык, кыргыздык белгилүү сүрөтчүсү, кино актеру Сүймөнкул Чокморов да ушу биз жашаган Пайиз авамдын үйүндө

1970-жылы «Уркуя» кинофильмине тартылып жүргөндө жаша-бадыбы. Жүзүмтактин астында Пайиз авамдын кыздарын сүрөткө тартып жатканы күнү бүгүнкүдөй көз алдымда.

Оо, бул көчө кыдыр даарыган кысылаттуу көчө. Облустун борборуна түшкөн сайын ушу көчө аркалуу өтүүнү самай берем. Себеби менин балакат балалык жылдарымдын элеси ушу көчөдө калган. Жок дегенде мен көргөн, аз да болсо кошуна жашаган адамдар элеси менен эстешип өткүм келет. Абдирашит акем, Назир авам, Матрайим авам, Мамат аке, Марзия эже мектептеги мен деген балдарды дак калтырган кыздардын сулуусу Бүүсулуу, дайыма бары жогуна кайыл жашаган, Пайиз авама бир этек бала төрөп берген женем Батмачы. Абдирайим авам (эл аны футбол күйөрманы болгондуктан Бомбордир дешет) Гапар, Жапар авамдар азыр да ушу көчөнүн көркү. Бу жарыктыктан өткөндөрүнө жайынар жайлуу, топурагынар торко болсунчу, силер аяктаган жашоону артынарда калган балдарынар улантышсынчы дей берем. Көкүрөгүмдө кусалыкта, сагынычта жаңырган ырым да ушу. Балалыгым мени сагынса, мен балалыгымды, өткөн кайталангыс күндөрүмдү, ылым санап боор туткан ушу көчөнүн адамдарыны сагына берем. Жоготконун жоготтум, эми калганынан айрылгым келбейт. Бул көчөнүн адамдары кучагына алып мага жай берген, чай берген ошон үчүн мага кымбат.

«Баягы жол, ошол үй,
Окшоталбай карып калган бирөөнү
Жал-жал карап жашылданган
Бакыраң көз балалыгым,
Балалыгым ай, байкушум,
Сен да мени сагындыңбы?

Сен сагынган адамдар жок,
Сен чыкчу үй баягы.
Өздөрү жок элестери көз алдымда.
Окшота албай башкаларга
Бакыраң көз балалыгым,
Балалыгым ай, байкушум,
Мен да сени сагындым».

Мына ушу көчөдөн Абдирашит акем жумушуна өткөндө, кечте кайтканда артынан көпкө карап калчубуз. Өзүнө тыкан шыңга байлуу кара булгары кепкачан адам биз үчүн ушунчалык кол жеткис

бийик болчу. Албетте жакшынын таасири тегерегүндөгүлөргө тийет дегендей чөжүрөгөн беш жатаакчы бизге көп эле таасир эткен. Башкалар кандай кабылдап өзүн алып жүрдү, а мен үчүн ал киши улуу идеал болчу. Жашырып эмне, агамдай болгум келе баскан-турганнын туурап ары-бери баса каадаланып да койчумун. «Бу чычым Абдирашит акесиндей прокурор болот имиш» деп досторум канча келеке кыла шакаба тартышпады. Көрсө биз ошо адамдардай болгубуз келгенинин да жөнү бар тура. Кийин-кийин аскердик кызматты өтөп, окуу жайыны аяктап, иштеп калганымда бу Абдирашит акемдей райондо биринчилердин биринчиси болушкан адамдарды билип «аганы көрүп ини өсөт» болуп келгенибизди эстеп отурбаймынбы. Чын, ал мезгил алыскы район деп аталган Баткен үчүн кол жеткис иш эле. Жогорку билимдүүлүк эсептелүү болуп негизги эл агартуу тармактарында түндүк тараптан келген мугалимдер иштечү. Ошо биз окуган алтымышынчы жылдары Баткен районунун эл агартуу майданына жергиликтүү кадырлар менен бир толукталганын билээр элек. Ошолордун алгачкылары Алдашов Садык, Исмаилов Малик, Аскаров Латып, Кожоева Гылман, Ысманов Курманбек, Акматов Элибай (экономист), Каланов Икрам (экономист) жана башкалар болушкан. Мына ушулардын да баштоочулары кимдер, биринчилердин биринчиси кимдер болушкан, кийин билимдүү жаштар көбөйгөндөн алгачкы карылгачтар унутулуп асмандан түшкөндөй болуп калбадыкпы. Айрыкча мына минтип окуу жайларынын көбөйүшү илим-билимдин кардырын канчалык кетире өткөндөрдү эстөө дегеле оозго алынбай баратканы өкүнүчтүү. Болбосо Баткен эли үчүн жанылыктай туюлган биринчилердин биринчиси болушкан, эл сыймыктанар атуулдар, биз ар дайым жаштарыбызга айта отурчу атуулдар ушулар. Жакшы артында калган, эстеп-эскерээр туяктары бар экен минтип ата уулдары болуп ата-эне эмгегин кадырлап отурушат.

Оо, булар айтылуу Баткен өрөөнүнүн биринчилеринин биринчиси болушкан. Аң-сезимдүү өсүүнүн башаты, баштоочулары ушулар эле го. Аскаров Наби, Айжигитов Абдирашит, Маркаев Айбаш, Султанмуратов Ата, Алтымышов Урайим, Эрматов Сайтказы, Тагаев Турсумат, Шадиев Аят, Токсонов Шарап, Токсонова Тиллебуруш, Ачылова Рахат, Айбалаев Мамат, Жоошева Майрам жана башкалар.

Мына ушу биринчилердин арасынан бир жагы айылдашым, сураша келгенде бир урук агам Абдирашит Айжигитов жөнүндө сөз курууга байтан бери айлангыктап турганымдын жөнү да ушу

максатына жетпеген өтөлгөлүү өмүр кыйырына сарасеп салуу эле. Мезгил төтөлөп арындагы уулдары ата кесибин улап элге аралашып кадыр-барк күткүчөлөр да канча жылдар өтпөптүр. Жигит кишиге тагдыр буюрганы, пешене жазмышы дегендей Абдирашит акем Баткен районунун окерек-жарак коомунун иши боюнча Иркутск шаарына барып инфаркт менен 1973-жылы декабрда дүйнөдөн кайткандан бери да отуз жылдын жүзү болуптур. Оо, адам өмүрү күндөр, жылдар, кылым, доор, мынча тез көр ирмем деп бу дүйнөнүн чын-төгүнүнө анан ынанасың. Кечээ, кечээ эле жашап, биздин катарыбызда жүрбөдү беле деп жалган дүйнөсү ушу турбайбы деп каласың. Абдирашит акем жөнүндө айтаарым да узак-узак. Жалаң кеп учугун ал кишинин өмүр таржымалын манжалап санап отуруу эмес, төгөрөгүндөгү эл менен жуурулуша өткөргөн гүлгүн өмүрүн, кырчын өмүрүн сөз кылуу парзы турат жазуучулук, адамдык парзымда. Минтип элге аралаштыррайын, айылдаштары менен дидарлаштырайын дегенимдин да жөнү бар, замандаш. Ким болбосун, айылда чоңоюп өскөн жигитти, ал министр болобу, же эл башкарабы баары обир айланып келип киндик кан тамган эли-жеринен айырып, жок бул чоң адам деп бөлүп карООГО болбойт. Министрдин да балалык жылдары, түркүн түс кылык жоруктары менен жашашкан айылдаштары кийин –кийин карыганда көзүнө жаш ала эстечү жөнөкөй асыл адамдары болот. Мен дагы Абдирашит акемдин кан-тенинде калган кыйбас айылдаштары, достору, туугандары, кай жерлерде иштеп жүрсө да дегдеп турчу эли-жери жөнүндө ал кишинин учкул өмүрүнө кошо айтып, ыйлачу жерде ыйлап, күлчү жерде күлүп, ушундай бир адамдар жашайт айлымда, ушундай бир адамдар өткөн айлымдан дегим келип, толкуп да, кубанып да, көзүмө жаш ала жашып да турам.

Өмүр чиркин, Абдирашит акемдин балалык жылдарында тарткан Улуу Ата мекендик согуштун каатчылык, жокчулук азап-тозокторунун тээ арты эл загра нандан буудай нанга өтө тоюнганы алтымышынчы жылдардын башы болчу. Акем да талаадан машак терип, келер ийин казып, түн ортосу эшектерге саман артынып тажикстандын кошуна Исфара шаарынын базарына айдап, кырмандарда кызыл бастырган опчулардын өгүзүнүн үстүндө тирмийип таң атканча оп айадоонун чепке четин биз деле көрүп калбадыкпы.

Бечара Айымпаша чоң энем да атадан эрте ажыраган үч баласын райис, бригаттардан жашынып, түндүн бир оокумунда үйгө машактап талкан буудайын көтөрүп келип жүрүп баккандыр.

Эсимде 1955-жылдын буудай орум-жыйымы аяктап калганбы, анда мен биринчи классты бүтүп экинчи класска көчкөм. Атамды согушка жараксыз деп Шураб шаарындагы шахтага эмгек баталонуна айдап, кийин ачкалыктан өлдү аталып чыгарып салган жеринен туугандары алып барышса жаны бар экен кайра тирилип, ошонон кийин мен көрүнгөн экенмин. Азыр эс-эс эсимде калганы сексендеги араң кыбыраган чал десем, ошондо атам алтымыш жаштагы кычыраган учуру экен дүйнөдөн кайтканда. Согуш, жокчулук, ачкалык, каатчылык адамдарыбызга, ушу көз жашындай кичинекей Карабулак айлына эле канчалаган көз жаштуу азап-тозокторду алып келбеди. Бирок ошо бар-жокко, ач-токко кайыл жашап, бөтөн жака көчүп тозбогон элдин бүтүндүгү ушунда экен, кан күйгөн согушта дагы бир жолу сыналыптыр го, аттиң!

Атам калың-каттык ишке жарабайт. Улуу агам согуштан келип өз тиричилиги менен. Мен жаш. Энем байкуш машак терген да, талаадан отун ташыган да өзү, колхоз жумушуна аралашкан да өзү.

Ошо эстен кеткис күн үйдө өзөк жалгаар ун калбай энем талаага машакка кеткен. Түн кирип баратса да энем жок.Атам эмгек баталонунда цементке сордурган бутун алалбай төшөктө. «Энең келдиби?» деп анда –санда сурап коёт. Түндүн бир маалында эшиктен энемдин бышактап ыйлаган үнү угула калды. Караңгы айбанга чыга калсам түркүккө сөйөнгөнчө күйүккөн энем ыйлап отуруптур.Кандай андайлыгын кайдан билдим, мен да кошулуп ыйлап кирдим. Кийин сурпанын астында калган унга атала чайып ичип отурганыбызда айтпадыбы талаадан терип келаткан машагын жолдон бригаттин тартып алганын. Мээнетине күйгөн – бу эки тартканда «мына эмесе, сага да, мага да жок» деп сайга чачып салыптыр.

Оо, бул күндөр баары артта, өлбөгөн күлдүн көөнөрбөс көкүрөгүндө. Нан кадыры ошондо биз үчүн канчалык кымбат, ыйык эле. Тасторкондо калган ушакты тооктой термелечүбүз. Жерге түшкөн нанды ала коюп көзгө сүртө өөп жеп койчубуз. Анткени ата-энебиз нандын убалын көп айта, «нан!» деп жатып өлгөндөрдү көздөрүнө жаш ала эскеришчү. Биз го биз, а Абдирашит акемдин кан күйгөн согуштун каарында бышкан шыйдаңдаган жылаңаяк балалык жылдарычы. «Бардыгы фронт үчүн,бардыгы жеңиш үчүн!» деген ураан астында өзүнү жебей согуштагы балдарына илинген энелерчи. Үч чүрпөсүн канатына калкалаган Айымпаша чоң эненин миң күндүк тарткан азабын биз бир мүнөт эстеп коёалар бекенбиз? Эненин «балам» деген сүйүүсүн эч нерсеге салыштырып болбойт. Элде айтылып калынган «эне күм, бала таш» не замандардан берки

келаткан турмуш сабактаган накыл кеп. «Балам, баландан тап, баландан көр» дегендин да зар замандын жаңырыгы. Кызы Пати энесинен эртели-кеч кабар алчу элгенчиги болсо, Абдирашити, кенжеси буудай орум-жыйымда эртеден кара кечке талаада, каталек кабыргасын катыра койгон согуш өспүрүм балдардын кендирин кесе бирде чызырыган ысыкта култум суу көздөн уча машак тердиртсе, бирде орок оргон аялдарга эшек менен боолук, суу ташымай. Классташ достору Наби, Асранкул, Патта, Абдырахман, Сайди, Азиз, Адылбектердин үй бетинокөрүү деген жок. Кантсе да элдин шорун катыра күттүргөн жеңиш да келди шыйдандаган кызыл шыйрак, бут кийимди билбеген балдардын бактысына. Жеңиш, бейпилчилик карын тойгузат дегендей батыштан жеңиш менен келчү уулдарын жардана күткөн эл бар-жогуна кайыл боло кыбыр жандуу турмуш кыйла ирдене түшкөн болчу. Кантсе да жашоо дегениң дагы эле оор, дагы эле ачкалык, жокчулук күчүндө. Бүлүнгөнү бүлүнүп, согушка чейин колхоздун мал жандыгы үчүн салынган не бир чаркар курулуштардын ичи малга толо түшө күтүрөп турчу эле. Согуш дегенин ошолорду да жалмап, кызылы тоодой үйүлүп жатчу кырман да жайдакталып, кабат кааналуу узун кампа бош калган.

Оо, бул зор курулуштар согушка дейре не бир усталардын колунан түптөлүп, элдин ашар-ушарлап курушкан чоң дарбазалуу «базар башы» аталган кампасы, дүкөнү, колхоздун кантору, китепканасы, почтосу, кулубу болоор эле. Мындай бардык шарты бар айылдын маданий борбору элге көп жылдар кызмат кыла отуруп элдин жаңылануусуна, кайра курулуусуна түрткү болдубу, же кудай талаа да Карабулак элини дагы бир жолу сынап көргүсү келдиби 1977-жылкы жер титирөөдө колхоз активистери баш болуп баардыгын жараксызга чыгарып, кайра тургузабыз деген шылтоо менен четинен бузуп таламайга салып берди. Мына эми ошонун азабын тарта, бузуп жарганыбыз сыпсыйдам жайдактала бирдеке курулган деле жок, баягы күжүлдөп турчу «базар башы» комплекси орду түбү менен жайдакталып бош калды. Ошо курулуштарга жык болуп турчу жерден өтүп бараткарнымда балалык сезимиме ушунчалык күчтүү таасир берген тамдардын элеси, андагы биз киномеханикке пул же тукум апаралбай эшик, терезелерден ышкалааган күндөр дагы көз алдымда. Каатчылыкка, жокчулукка карабай жаңы заманга жардана кол кабыш кыла ушундай иштерди бүткөрүп кетишкен аталарга, апаларга канча алкоо сөздөрдү айтсак аз. Айылда кандай жөрөлгөлүү иштер башталбасын анын башында

айылымдын алтын колдуу адамдары болушкан. Түшүнүп түшүнбөй жасалган иштин шакаба күлкүсү далайга айтылып элдин эсинде калганын айтпа, азыр да эстеп күлүп калышат. Бул окуя согуштан мурда айылда биринчи велосопед (жин араба) минген адамдын жоругу жөнүндө. Айылдагы жаңылык, эл дуулдап «Асан райис орустун доңуз мандалагын (картошка) биринчи жеген, муну да ушу билет, ушу минсин, көрөбүз» дешип ортого ала мактай салышса «мына мен да» деп барбалактап минип жогорттон базар башыга карай зуу койгонбу, күүлөнгөн немени токтото албай барар барганча чоң теректи сүсүп эси ооп кылага жаткан экен. Бул Асан райистин молосапид миниши дешсе, дагы бир жоругу райондон келген уполномочен «кана Асан ака, чогулушту ачын» десе, буйдалып көпкө турганбы кыстоосу келгенде «жолдоштор, Багымандын дарбазасы ачык!» десе отурган эл кыйрап жатып калган экен. Ошондо Карабулак айылы Бауман колхозу болуп турган шекилди.

Оо, бул айылдын айтаар жомогу көп. Бирок андай жомокко айланган адамдардын элеси гана, айткан сөздөрү гана калды. Барган сайын элестери күңүрттөп, алыстап унутулуп баратканына кээде жүрөгүң тыз сайгылап, аларды билген, көргөн обиз, а кийинкилер кантип айтып, кантип эскеришет деп каласын. «Биз көргөн талдар баары кесилип кетти» дегендей биринчилердин биринчисин кимдир эстеп, айылдын маданий борборун курушкан, мал-жандык үчүн ашарлап салышкан зор курулуштардын болгондугун кимдер эстейт. Болгон экен деген менен ошондой дөөкар-кужүрмөн аталар жолун улаар уул-кыздарыбыз чыгаар бекен деп каласын.

Эсимде, идаранын короосунда дүмпүйгөн талдуу авиз (көл) болчу эле. Ошого жакын чатырдан курулган ашкана иштөөчү. Ашпозчу ыраматылык Атамтай авам эле. Ашкананын ортосунда чоң карагай түркүк болчу. Биз эми кат таанып мектепте окуган бала кез. Кире калсак эле ошо түркүккө айланта жазылган жазууну окуй берчүбүз. Бугалтер Маамади 5 каса карыз, завхоз Сати 6 каса карыз, Артык 10 каса карыз деп ошо түркүк баштан аяк карызга жык жыйма жазуу болчу. Аттиң, азыр ойлосом шаардыктарды туураган биринчи ашкана ачуу биздин айылда колго алынып, согуштан жаңы келген Атамтай авамды «сен жарайсың, сен билесиң» деп мактап отурушуп акыры бар тапканы карызга кете берип чоң түркүктү кучактаганча банкрот болуп отуруп калган көрүнөт. Кийин ал карыздар жазылган түркүктү Атамтай авам үйүнө көтөрө кеттиби, же карызы барлар төлөп бериштиби ким билсин. Кийин бирөөлөр айтып жүргөнүн угуп калышты «Атамтайдын түркүгүн уурдап барып отун кылып жагып салышып анан кутулушкан» деген.

Оо, айылым жөнүндө айта берсем узун сабак кеп, күлүп да, ыйлап да аласың. Көрсө аталарыбыздын, агаларыбыздын далалаттана жасашкан иштеринин ачуусу да, таттуусу да болгон тура. Мен кеп кылчу Абдирашит акемдин балтыркан балалык жылдары да ушундай жаралып, жаратуу жылдарына, эң алгачкы баштоо жылдарына туш келе ошо мөм, баягы караган айылдаштарынын арасынан биринчилердин биринчиси болуп чыгышканына кээде туруп шок аккан суунун таасириби, же кыйынчылыктарда кабагымкашым дебеген чыдамкайлыктык, эрктүүлүк, шатыра шатман шайырдыктык таасириби деп каласың. Ушунан бир нерсе чыгат деген баланын өткүр өтүмдүү көз карашы, сезимтал зиректиги кимди болсо да өзүнө буруп эртең кимисинен үмүт эттирет. Айрыкча баланын дээриндеги ачылуусу мектепте окуй баштаганда эле билинет эмеспи. Мына ушундай ачылууга бирөө себепчи дегендей согуш басылып басылбай али батыш тараптан кайткан эр азаматтар аягы үзүлө элек дагы эле үзүкчүлүк, жокчулук жондон алып турганда Карабулак айылына уполномочен болуп келип жүрчү сот Эгембердиев деген мугалимдер бөлмөсүнө баш багып калды. Деректир менен аны муну кептештешип отуруп сотко секратарлыкка жакшы окуган, жакшы жазган, тартиптүү балдардан издеп жүргөндүгүн айтып калды.

Ошондо Абдирашит Айжигитов алтынчы классты бүтүрүп жаткан чагы бекем, деректир чоң класстын балдарын көздөн сыдырата өткөрө койдубу «алтынчы класстагы Айжигитовду чакырчы» деп дежур мугалимге табыштады. Айткандай эле көп кармалбай эшик алдында бакыракай көз, кетирекей мурун, кара торусунан келген жылдыздуу бала пайда болду.

– Сиз издеген бала ушу. Мени айтты дейсиз го, мындай зирек, ишине дилгир бала мектебини, агайларыны уятка калтырбайт. Мага кандай ишенсеңиз бу жигитке да ошондой ишене бериңиз. Келечекте бул жигиттен үмүтүм чоң» – деп калды деректир, баланын жайнап турган жүзүнөн көзүн албай: «Жигит» деп демине дем кошкусу келген мактоо беркиэкөөнө байкалып турса да бир аз тартынчыктап уялып турган балага мактоо кайра жандандыра бир паана көкөлөтө көкүрөк кедирте түштү.

– Мени менен иштейсиңби?–деп сот астыртткан жумшак маанайда сөз жылдырды баладан көзүн албай.

Азга буйдала түшүп, көзүн өткүр сүрдөн ала качып кызарып кетти эмне дешин билбей.

– Окуу менен бирге колхозго жардам берип иштеп жүрбөйсүңбү – деп калды деректир балага дем бергиси келип.

– Ошондой эле кеп, сен түшүнбөй калдың окшойт. Мисал үчүн мен сот. Сотко кат жазчу сага окшогон тартиптүү, ишке тыкан бала керек болуп жатат. Азыр өзүң көрүп турасың согуштун басылганы кечээ эле, кадыр жетишсиз. Сага окшогон мыкты окуган балдарды ишке көндүрүп барсак кийинки окуусуна да жакшы болоор дегенибиз – деп Эгембердиев жай сүйлөгөн кебинен жазбай түшүндүрүүгө аракеттенип жатты. Бала муюп уккан кепти эми түшүндү көрүнөт кыйла апкаарый түшкөн дүбүрттүү оюу басылгансыды.

– Ушу Карабулактабы?

– Жок, Баткенде. Ал жерде сен Ленин мектебинде окуп иштейсиң.

– Ал жерде…– деп мукактана башка сөз айталбады бала.

– А, жатып турчу жерби, ал жөнүндө ойлонбо? Менин үйүмдө турасың, ушуга маакулсуңбу? – деп калды сот баланы көндүрүүгө бардык шартты айткысы келип.

– Апам жооп бербесечи?

– Аны да мага кой. Иштеймин десең эле болду, башкасын өзүм сүйлөшөм.


– Кана, барасыңбы? – деп деректир дагы такырчылады.

– Апам, билет, бар десе барам – деп, бала да каадалуу жазмышынан жазбай, дилгирлик сезими жанып, Баткен тараптагы белгисиз, аты «катчы» деген ишке дегдеп турду. Ошентип жылдар салаваты баланы иш менен бирге окууну андан ары улантуусуна шарт түздү. Бакырaң көз байоо жигиттин илеринки уяң жүзү эл, жер көрүп ачылды. Шурудай тизмектештирип жазган катына сот Эгембердиевдин баладан эртең бир бакыйган жетекчи чыгарына ишеними бек эле.

Абдирашиттин атайын сот үчүн жаралгандай тубаса жүрүм-турумуна, чечкиндүү сүйлөгөнүнө таң эле. Баары-баары алгачкы сот тандаган, мектеп деректири тандаган ишенич адамы болуп жетилди бул айылдык жигит. Каадалуу баскан турганы Ленин орто мектединин жогорку класстарында окуп жүргөндө классташ курбулары да, мугалимдер да чоң адамга мамиле жасагандай урмат менен карашчу.

Биринчи…

Биринчилердин Биринчиси болуу адам баласынын прогресске умтулуусунун башаты. Элдин агартуу маданиятынын баштоочулары, чыйыр жол салуучулары ушулар. Буларды эстебей коюу асмандан түшкөн менен барабар Өткөндүн кадырын эстөө, ошолордун



Ташкент шаарындагы
юридикалык институтунун
студенти.
(1947–1952-ж).

Студенттик мезгил.
Курсташтары менен.




Ташкент ш. Курсташтары менен.


Студенттик мезгили.




Ташкент юридикалык институтунун 4-курсунун 2-группасынын студенттери.




Ташкент ш. Курсташтары менен.



Ташкент ш.
Студенттик мезгил.



27-сентябрь, 1954-ж.
Жалал-Абад ш.
Айжигитов А. жана
Ташбалтаев К.



Жалал-Абад шаары.



Жалал-Абад шаары.
Солдон Ташбалтаев К. анын аялы Тажигүл жана Айжигитов А.



1956-ж. Баткен району, Самаркандек айылы. Мектептин директору, солдо Ходжаев Б.



1956-ж. Баткен району, Самаркандек айылы. Мектептин коллективи менен.




1960-ж. Ош шаары.
Прокуратуранын
тергөөчүсү.

1960-ж. Ош шаары.
Юрист коллегалары менен





Ош ш. Областтык прокуратурасынын тергөөчүсү.(1958-ж.)




Ош шаары.
Тергөө кызматында



Ош шаары.
Прокуратуранын
тергөөчүсү.

Ош шаары
кызмат мезгили.





1961-ж. Ош шаары.
Аскердик топтолуусунда.



Ош шаары.
Иш үстүндө.




Ош обласынын
Араван районунун
прокуратурасынын
коллективи менен.



Ош шаары. Иш үстүндө.



Араван району.
1956-жылы



Караван району.
1958-жылы.
Прокурор кызматында.



Араван району
(1959-ж.)



1959-ж. Алай району.
Гүлчө ш.
Прокурор кызматында.



Гульчө шаары. Коллегалары менен.



1960-ж. Баткен району, Согмент айылы, «Отузунчулардын» катарында колхоздун башкармасы.



1960-ж. Баткен району, Согмент айылы, үй-бүлөсү менен (аялы Тажигүл, уулу Султанбай, карындашы Назакат).




1964-ж. Баткен району, Баткен айылы. Үй-бүлөсү менен (аялы Тажигүл, кызы Мехриниса, уулу Дастанбай).



1956-ж.Баткен району.




1960-ж. Баткен району,
Согмент айылы,
«Отузунчулардын» катарында
келип колхоздун башкармасы
болуп турган кезеги.



Иш үстүндө. Ош шаары.



. Ош шаары. Досторо жана туугандары менен.



Ош шаары. 1960-жыл.



Ош шаары. 1961-жыл.


Абдирашит
Айжигитов






Айжигитова Пати
бир тууган эжеси.

Айжигитов Султанбай-
эн улуу уулу. Баткен
областтык
администрациясынын
губернаторунун-кеңешчиси.





Айжигитова Мехриниса –
кызы, замзав. Баткенского
райОНО.



Айжигитов Арстанбай-уулу, «Баткен областынын юристтери» ассоциациясынын төрагасы, адвокат.

Айжигитов Дастанбай-уулу, Бишкек гарнизонунун Аскер сотунун төрагасы, юстициянын полковниги.



Айжигитов Турсунбай – уулу, Баткен областтык арбитраждык сотунун канцеляриясынын начальниги.





Айжигитов Бостонбай – кенже уулу, «Баласагын» атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин ага мугалими.

өрнөктүү өмүрүн сабакты кийинки дүркүрөп өскөн заманыбызда күңүрттөп унутулуп барат. Туура, ар бир жаңы иштин башаты болот, баштоочусу болот.Ошондой тобокелчил ишке алгачкы бут коюунун өзү эле канчалык татаал, ары жооптуу болгон.

Мына, ар бир айылдын биринчи мугалимдери, Айматовдун Дүйшөндөрү бар. Төртүнчү класстык билимим менен мугалим болгонмун дегендер канча. Кадырлардын тартыштыгы, улуу аталардын, агалардын согуштан кайтпай калуулары, ишке бир аз жөндөмү барды тартмай, аргасыздык кыйла жылдар мекенибиздин, эл-жерибиздин өсүүсүн аксатты.Бүлүнгөн чарбаларды калыбына келтирүү элдин демилгелүүлүгүн көтөрдү. Ошо согуштан кийинки элдин күжүрмөндүүлүгүн мен деген техникалык күчтөргө салыштырып болбойт эле. 1948-жылы кол күчү менен курулган Карабулактын Суубашы суусунун таш төшөлүп Баткендин Чет булагына дейре жетүүсү, 1958-жылкы Каракол каналынын курулушу жалаң кол күчү менен ысык, суук дебей иштегендерди кана азыр ким эстейт, ким ошо аталат куруп Бужун, Баткендин элин суу менен камсыз кылып турган каналды жок дегенде ондоп коюга чыгат? Азыр ошо аталар кол күчү менен жеткиришкен суу акпай синип жаткан учуру. Заманына жараша деген менен аталар демилгесинин учкуну да калбады. Жеке менчик сенсаларга салып, таламайга салып барыбызды да жок кылып алдык. Мына ошо доокар, айкол аталар жаңыча жашоонун баштоочулары эле, биринчилердин биринчилери эле. Алардын жасап кеткен иштерин эстебей коюу адамдардын бүгүнкү көр пендечилик манкурттчулугу.

Биз билгенден Наби агам, Абдирашит акемдер бул Карабулак айылынан чыккан биринчилердин биринчиси.Билимге жол ачып артында келаткан жаштарага үлгү көрсөткөнгө бел байлаган, тунгуч билимдүүлөр. Абдирашит акем ошо  алтынчы класста райондук сотко катчы болуп кеткен бойдон 1-январь, 1945-жылдан, 1-декабрь 1948-жылга дейре Ленин орто мектебинде окуп жүрүп иштеди. Жениш күнүн мекбепте тосту. Райондун борборундагы шандуу элес баланын жаш жүрөгүндө өчпөс болуп калды. Элдин маанайындагы азаптуу беш жылдык согуштун кубанычын айтпа, бирин-бири кучактап буулган ый, күлкү баары-баары эртеңки үмүттүү күндөргө, «Окуймун, эл үчүн иштеймин, мен дагы аталардай боломун» дегенге үндөгөн баланы ошондо. Кырчылдап он сегизге толуп толбогон баланын үмүтү ишке ашып 1949-жылдын июлунда Ташкенттеги юридикалык институтка Баткен райондук соттун жолдомосу менен тапшырды. Каратокой айылынан курбусу Маркаев Айбаш экөөсү эле. Ташкентте беш жыл бирге окушту.

Биз деле ошо Абдирашит акемдер окушкан Ленин орто мектебинен айылдардан барган акыркы бүтүрүүчүлөрү биз болдук көрүнөт. Бизден кийинкилер айыл айылдарда жаңыдан ачыла баштаган орто мектептерден окуп жатышты. Балким Абдирашит акемдер да бизге окшоп мектептин жатаак интернатында, же бирөөлөрдүн үйүндө жатып окушкандыр. Ишемби күнү сабактан чыккандан кийин жөө жалаңдап бир топ балдар айыл-айлыбызды көздөй жөнөп кетчүбүз. Машине деген жок, «Москва» колхозунун бир «ЗИС» машинеси болчу. Районго жумуштап түшүп калса илешпесек улоо деген кайдан. Ал эми Актурпак, Дара тараптан келишкен кыздардын эле шору болчу жолдун алыстыгы. Мектеп жабылганча жатаак интернатта жүрүшчү. Качан окуу жылы аяктаганда аталары ат, эшекчен келип алып кетишчү. Ошондо окуунун кадыры кол жеткис болгонбу, же билимге чаңкаган кыргыз улан-кыздарынын бир чоң секиригиби биринчилердин биринчилери болушкан ушу Казан университетиндей туюлган Ленин орто мектебинен бүтүп жогорку окуу жайларынан окушкан алгачкы билим карлыгачтары Аскаров Наби, Айжигитов Абдирашит, Маркаев Айбаш, Султанмуратов Ата жана башкалар болушуп, булардын жолун улоочулар бул мектептен бүтүшүп, жогорку билимге ээ болушуп эл үчүн кызмат кылышканы канча. Азыр эми ал атактуу Ленин орто мектебинин мурдагы ордунда төрт этаж үйлөр заңкаят, өткөн улуу муундар, биз ортонку, бизден кийинки 1977-жылга чейинки бүтүрүчүлөр билбесе, эстебесе, өткөндүн унутулгус күндөрү, азыр ал дагы картайып, куурап баратыптыр жалгыз түп алмасы турат, ошо калды. Жанынан өткөн сайын, көргөн сайын жүрөгүңдү тыз сайгылайт түбүндө китеп окуп отурушкан классташтарым элеси, өзүмдүн бакыраң көз балалык элесим тартылат. Балким Абдирашит акем да бүтүрүү экзамендеринде ушу алма түбүндө китеп окуп, сабактарын даярдагандыр.

«Балалык жылдарымды эске салып,
Карт алма бардыгына өзүң күбө.
Бул жерде мектеп деген болгон десең,
Билишпейт жашагандар кабат үйдө.

Суюлуп катарыбыз сени көргөн,
Картайдык калганыбыз өзүңө окшоп.
Түбүңдө китеп окуп отургансып,
Саамга эстеп өтөм азга токтоп».

Оо, окуучулук күндөрдүн, студенттик жылдардын кадыры канчалык кымбат. Уялаш бир туугандыктан да артык. Абдирашит акем студенттик жылдарын ушунчалык бир сагыныч эргүү менен эскерчү. Согуштан кийинки тартыштык, жокчулук алыста окушкан студенттердин да канчалык кендирин кесип, көздөрүн жашылдандыра мүңкүрөтпөдү. Кээде өзөк жалгаар эч нээрсе калбай ачка калган күндөрүн эстесе, күлө сүйлөп «студенттин жашоосундай кызыктуу турмуш жок.Кээде ит жатыш, мырза туруш болосун. Ошондо да кербезденип койкойгончо басып сыр бербейсин.Бир жолу досум Айбашка үйүнөн акча да барбай мендеги бар тыйынды эптештирип жашап турдук.Ал да түгөнүп каткан нан калдыктарын кемирип дагы бир апта чыдадык. Жок, үйдөн мага да, ага да акча барбады. Ошондо Айбаш «мен окубаймын, кетем, эртең эле поезд менен кетемге» өтүп алды. А десем да, бу десем да болбойт. Ошондо бир өзбек курсташыбыз Бөкө районуна тойго барып келели деп калбаспы. Арга түгөп, көптөн бери тамак жебеген курсак куюктап-чуюктап, а дегенге ал да жок жатаканада жатканбыз. Мен сүйүнүп кеттим. Айбаш ошондо да бут тиреп көшөрө кетеминен жанбады. Ой боюна койбой алып жөнөдүк. Тойканага башбакканыбызда эле көптөн бери унута жаздаган шорпо жыты мурун өрдөп, ысык жабылып жаткан нан даамы буруксуп кыйла көңүл сергип, дасторкондо жайнаган тамакты напсибизди агытпай тыйып отуруп аз-аздан жедик. Кеч дигерде ортого улуу жагылган от тегерегинде тойго келгендер машакчы артистердин дамбыр-думбур музыкасына кошулуп бийлеп киришти. Тартынып четте турганбыз. Бир оокум жанагы курсташыбыз экөөбүздү ой боюбузга койбой бийге тартты. Курсак тоюп кыйла көңүл желбиреп турганбы, а дегенде эле алынып кеттик.Айылда, той тополордо бийлеп жүргөнүмдүн пайдасы ошондо бир тийбедиби. Той ээлери «э яшаң, йигитнин гүлү экансиз» деп чекеме пул тагып киришти. «Капчык какшып турганда саз болбодубу, эми Айбашты кетирбейим, пул табылды, кудай өзү берди» деп коём ичимде.Пул тагышкан сайын жан алыбыз калбай бийлейбиз. Төгөрөктөгүлөр кол чаап туруп алышты. Биринин артынан бири пул тагышат. Айбаш чарчадыбы четке чыга берди. А мен дагы пул тагышсын дедимби чарчаганыма да карабадым, кайра күч алдым. Ошо күнү тойканада той ээсинин «кетмайсилер, мехмон боласизлар» деп курсташымды жаныбыздан жылдырбай меймандашты. Эртеси экөбүзгө чоң түйүн нандын үстүнө бирден

тон коюп ыраазы боло узатышты. Ошентип жок жерден эл алдына чыгып беш, алты ай жашай турган акча таап ошонон Айбаш окуусун таштап кетпей калды. Студенттик турмуштун бар-жогу, ач-тогу ушунда. Ушул өмүр бою эси көөндөн кеткис кымбаттыгында. Ошондогу каткан нандын шириндигин айтпа. Даамы дагы эле оозунда» деп калчу улутуна «ээ, үкалар, студент болгонуңарда билесиңер» деп кыйла өткөн күндөрүн эстегенде үн чукпай туруп анан ушу сөзүн кошумчалап койчу.

Не бир күндөр күлпөтүндө жылдар зымыраса артыңа кылчайа караганга да чама чаркың жетпей барат. «Бу тирүүлүк кептеркана бири учаса, бири коноор» дегендей сен көргөн адамдардын канчоосу кетти, бүгүн көрсөң эртең жок, акыркы элеси, сөзү, жасаган, элге кызмат өтөгөн иши, артында айтылуу сөзү калды. Бу пендесине буюрган ушу экен, аны эч ким өзгөртө албайт. Абдирашит акемдин кыска жашап өткөн өмүр таржымалынын бир кем дүйнөсү ушунда калды. Кантсе да ал кишинин көксөгөн бийиктигине артында калган перзентери жетип отурат, ушунусуна да шүгүр дейсин. Жесири Тажинса эжем да беш уул, бир кызды тумшуктуугa чокутпай, канатуугa кактырбай эресесине жеткире баарын үйлүү-жайлуу, жогорку билимдүү кыла беш уулун ата кесибине багытады. Улуу уулу Султан Латвия борборунда Ригадагы авияциялык институтун ийгиликтүү аяктап Бишкектеги «Манас» аэропортунда алгач учуучу, андан кийин Кыргызстан коопсуздук комитетинде Кыргыз авиациясын тейлеп иштеп жүрүп Баткен облусу негизделгенде губернатордун кеңешчиси болуп дайындалды. Ал эми Мээринса институттун орус тил жана адабият факультетинин аяктап, көп жылдар Ленин, жоомарт орто мектептеринде мугалимдик кесипти аркалап, азыркы учурда Баткен районосунун башчысынын орунбасары болуп иштейт.

Абдирашит акемдин балдарынын аттары да өздөрүнө жарашып турат. Ата-эненин сыймык курар уулдарынын затына аты жарашканы деп ушу үй-бүлөнү атаса болот. Арыстаны Баткен райондун эл сотунда актоочу болуп, республикалык актоочулар ассоцациясынын мүчөлүгүндө. А Дастаны, оо, бул өзгөчө мырза жигиттин үлгүсү десек аша кеткендик болбос. Анан да Дастандын окуучулук жылдары да мага жакын. Себеби 1983-жылкы Кыргызстандын кайсы бир маарекесине даярдалган «Кызыл Топу» трагедиясында баш каарман Кызыл Топунун иниси Жусуптун ролун ойноп чыкканы эсимде. Көрсө Дастан райондогу музыкалык мектептин акардион бөлүмүндө окуп жүргөн чагы экен. Али каны-

тендеги тукум куучулуктун Абдирашит акемдин той-тополордо, айрыкча студенттик кезде жаман курсактын айынан чимириле бийлеп жаткан жигиттик курагын эске салат. Же чоң атасы Айжигит комузчунун урпагы да. Талант, өнөр ушу тукум куучулук менен барктуу.

Дастан азыркы учурда Бишкек шаарында жайгашкан Бишкек гарнизонунун аскер сотунун төрагасы (ал жерде Бишкек шаары, Чүй, Талас облустары кирет) болуп иштейт, юстициянын полковниги наамында. Ал эми Түрсүнбай да ата кесибин улап юрист. Бостонбай болсо Абдурашит акемдин кенжеси, азыркы учурда Кыргыз Мамлекеттик Университинин юридикалык факультетинин ага окутуучу, факультеттин деканынын орунбасары.

Оо, булар жөнүндө кези келгенде дагы да кеп учугун чубап отурамын. Азыр жөн гана бир сөз менен айтканда ата абийрини ардактаган атуулдар же Айжигитовдор династиясы деп туралы.

Биздин айылдан ийрилип чыгып тээ төмөн Баткен тарапка кеткен эски жол болчу. Азыр анын нугу калган. Желектей желбиреп кара машиненин үстүндө тигибизден тура келатканыбыз элестейт. Жөө жаландап, ат-эшекчен келди-кеттилер жүз берет. Галбүбү райис ак боз атын алчандатып талаадагы айдоодон же буудай орум жыйымдан кабар алганы баратканы элестейт. Кырман толо кызыл үйүлүп, районго норма төккөнү кебен турткан ат арабалар элестейт. Оо, бул кан жол не адамдарга, окуяларга, улуу Ата мекендик согушка, ачкалыктан, жокчулуктан айыл менен кош айтышып көз жаштарын жумбай төккөндөр элестейт.Бул жолдон согушка кетип кайтпай калгандар канча. Ушу жолдон Абдырахман ырчы ырдап, асыл жары Айсулуу менен акыркы коштошуусу ушу жол нугунда болгон. Жарым кадак машак буудай үчүн түрмөгө айдалып баратып намысынан өзүн окко тосуп өлгөн Уста Мамат палван айылы менен ушу жол нугунда көзүнө жаш ала коштошкондур.

Оо, бул кан жол тагдырын унутууга болбойт. Абдирашит акем да күл азыгын жонго илип Ташкенттеги окууга таалай издеп ушу жолдон кетип, окууну бүтүп турмуш жолуна түшкөндө ушу жол менен кайра келип сагынган айылына, апасына жолугуп алыстарга иштегени кайра кеткен. Бул унутулган жол элдин үмүт-тилектери эле. Далай жакшы кабарларды ушу жолдон угушкан. Эр азаматтар аскерге жөнөгөндө, аскерден кайтканда бул жол ушунчалык бир шаңга бөлөнчү. Эненин уулуну сагына күткөнү ушу жол нугу болчу.

Айылымда далай кызык кептүү, жорук жоосуну элди күлдүргөн

шайыр адамдар өткөн. Раматылык жарык кернейдей жарылдап дарылдаган, ырдаса ыры оозунан чубуруп, терс кайрыктуу күүлөрдү боздоткон Мамасалы авамчы. Элге окшоп жалгыз уулу Шүкүр аскерге жөнөп, аксакалдардан ак батаа тилеп өзү ушу эски жол нугунан узаткан. Акыры жыл айланып Шүкүрү кызматын бүтөөр чагында Мамасалы авам уулуна минтип кат жазыптыр.

– Уулум, аскерди бүтүп үйгө кайтсаң таксиге отурбай автобуска эле чык, өзүм жалгыз талдан тосуп алам макулбу?–десе, уулу Шүкүр да «ата, үйдөгү ак эшек өлгөн жокпу, өлбөсө ошону жалгыз талга алып келип туруң, мен автобустан түшкөндө экөөбүз учкашканча айылга кирип барабыз?» – деп кер какшык шылдың жооп жазыптыр.

Оо, айылымдын абаат күлкүсү, барылдап-жарылдап көңүл көтөрөр, азга болсо да кушбак черди жазчу, чукугандай сөз тапчу такмазалык, азилкечтик өкүм сүрүп бары-жокко кайыл жашагандар канча. Дегиле бир эл койбогон аттуу адам жок. Баарында аты бар. Түкүнчө десең өз аты калып эле элдин койгон аты менен аталат. Бул айылда сиз китептен окуган каармандардын баардыгы бар.Дон кихот менен Санчосу, Владимири, Гончары, Кожожашы, Бабаханы, Акбара менен Ташчайнары, Туйгун тазы, Гөр уулу Султаны, Петросу, Майору, Жалаң төшү, Кошойу, айтор бирин-бири сөзгө жыгып, шакаба тартып боорун тырматкан күлкү иш үстүндө өкүм сүрө айыл авазасын парпыратат.

Бул айылда баары бар. 1999-жылкы бойовиктер бөрү уюктан ашканда качпай көшөрүп жатып алышып гумпомоштон да куру калышкан. Дагы эмнени ойлоп жатышат деп райондон кулак төшөгөндөр канча. Биринчи, кандай иште болбосун биринчиликти колдон чыгарбай келген да ушу Карабулактыктар. Аялдардан чыккан биринчи райис, эки жолу жогорку советке депутат болуп шайланган Галбүбү Абдивалиева болсо, согуш мезгилинде тогуз келин, кызы эркекче кийинишип трактор минип чыгып алышкан. Ал эми жогорку билимдүүлүккө да ушу Карабулактык эки жигити Аскаров Наби (мугалим), Айжигитов Абдирашит (юрист) жол ачышкан. Айтор кандай ишти айтсаң биринчилердин биринчиси ушул айылда башталып, ушу айылдан чыгат. Суусу шок акканынанбы эли да, жигиттери да шок. Табигаты кооздугунанбы адамдары ыр жандуу, музыкалуу.

Мына ушунун баардыгы илим-билимден таалай издеп, кийинки жаштарга, ини-карындаштарына жол көрсөтчү жылдыз болушкан агаларым, эжелерим жөнүндө сөз кылуу али алдыда. Буюрса мага окшоп жазмакер уул-кыздарыбыз чыгып айылымдын

ЦБ
Баткенская ЦБС
инв. № 14602

не бир ширин-ширин сөздүү адамдарын кеп кыла аңгеме курушар. Ал эртеңки күндөрүбүзгө салават. Узун чаркар кампабызда буудай тирелсе, айыл этегиндеги чоң кырманда кызыл үйүлүп токчулуктан ак төөнүн карды жарылып, андай байгазарчылыктын бакырткан токчулугу көпкө узабады. Кырманыбыздагы акыркы кызылдын үйүлгөнү 1965-жыл болуп, андан кийин андай көз тойгузган көрүнүш кайталанбады. Кезинде «Карабулак нанкана» деп Алмалы капчыгайын өрдөй 14 тегирмени күнү-түнү күркүрөп турчу экен. Оо ал күндөр айылыма «кел-келдин» күркүрөп келген бир учуру болгон экен го.

Ошентип Абдирашит акем 1953-жылы Ташкенттеги юридикалык институтту бүтүп Фрунзедеги юстиция министрлигине жолдоммо алган. Мында ал стажер-ревизор болуп ишке орношкон. Кийин 1954-жыл өз районуна которулуп кадырлардын жетишсиздигине байланыштуу Самаркандек жети жылдык мектебине деректир болуп дайындалган.

Мына ушинтип жылдар кыйыры тоо этектеген тепкедей айылдан башталып жигитти кай тараптарга калчады. Бирде пракратуранын тергөөчүсү болсо, бирде колхоздун райиси, пом прокурор, юрист-консултанит. Айтор иштен ишке көтөрүлүп ар жагы Алай, бер жагы Араван, Ноокат, Кадамжайларда иштеп, 1959-жылдан 1960-жылга чейин Коммунисттик партиянын чакыруусу менен 1-май колхозунун төрагасы болуп иштеген. Албетте жигит кишинин жан жолдошу, ысык-суугуна кошо бышкан аялы болот дегендей, асыл жары Тажинса Акпаровна да кызматтан кызматка өтүү, бир жерде тынчып отурбоо ташпишине кайыл жашап, күйөөсү Абдирашиттин ишке болгон ынтызарлыгына көмөктөш,тилектеш боло алты баланы тарбиялады.

Бир жолу, анда Абдирашит акем Ош облусунун прократурасында прокурор болуп иштеп тургандагы көрүнүш. Аны азыр да Дүрдана эжем сабактап айтып Тажи эженин бар, жокко кабагым-кашым дебей кайыл жашаганына ыраазы болот.

Дүрдана эжем анда колхоздо парторг болуп Ошко курстук окуу менен барып калат. Кантседа айылдаш иниси жолуга калып «үй жака өтүң мейман болуп кетесиз» деп ой боюна койбой жашаган жатаак үйүнө алып барат. Тажи эже тандырга нан жапканы от коюп жаткан экен. Учураша аны—муну сүйлөшө тандырдын алдында туруп калышат. Коюп жаткан отуну дарактардын астына түшкөн сары жалбырагы.

– Тажинса, келиним, ушу да отун болобу? – десе, күлүп «азыр

нан бышканда көрөсүз» деп калат. Айткандай эле бетин кызарта бышырган нанын көтөрүп киргенде;– Башыма жүн чыгып газанга (жалбыракка) нан жапканды сенден көрдүм, ырахмат келиним!»— деп таң калган эжеме, Тажи эжем, –Үкаңиздин отун алып келгенге колу тийбесе ойлоп отуруп турмуш кыстаганда ушу жолду таптым да–деп күлүп калыптыр.

Оо, андан бери да канча жылдар жүз берип, канча суулар акпады. Тажи эжем жетилткен балдар азыр эреселерине жетип эл катарында. Бири коопсуздук комитетинде иштесе, бири аскер соту, бири актоочу болсо, бири университеттин юридикалык факультетинин мугалими, дагы бири укук таануу факультетинин бүтүрүүчүсү. Айтор, жакшы адамдын артында эл айтаар кеби ушу ата уулдары да.

Бир жолу Дастан айылга келе калганда казак аяшатасынын кантип жолукканын айтып берди эле, угуп таң калгам. Жашы жетимиштердеги казак киши досу Абдирашитин уулу экенин угуп, айтылуучу кыргызстанда биринчи жолу болгон Кыргызгазмунайзаттын генералдык директору заказ менен атылып өлтүрүлгөн иштин соттой тургандыгына тынчсыздана, жок дегенде досумдун арбагы ыраазы болоор деген тейде опурталдуу процесстин акыры кандай жыйынтыкталарына «бу жаш жигит кантээр экен?» деген кыжалат ойдо отурган. Жок, бардыгы ойдогудай болду. Мурдагы процесстин жыйынтыгы болбой, акыркы үмүт Дастан Айжигитовко жүктөлгөнүн да жөнү бардыгына татаалдашкан процесс үстүндө ынана отурду, көзүнө жаш ала жашыган казак киши. Акыркы сот өкүмү угулганда кысылып турган көкүрөк жазыла түштү. Ныгыра басмырттаган ойдо мелтиреп шагдам кадам таштап чыгып бараткан жаш сотту ээрчий карады. Досу Абдирашит бараткандай, өткөн күндөрдүн элеси андан берет өрөпкүтө жашытты. Өмүрүндө мынчалык эңшериле эзилбегендир «Туруп алдынан утурлай жөнөгүсү, өзүн тааныштыргысы келип обдулду эле, досу Абдирашитти эстеп, эзиле жашып отуруп кубаты калбаптыр. Жок дегенде «ырахмат, уулум, ата уулу болупсуң!» деп койгусу келип үстөлгө таяна туруп жөнөдү. Дастан эшиктен чыга түшкөндө жете барып «уулум» деп обдулганда милиса жигит жолун тосуп калды.

– Дастан Абдирашитович, мени уксаңыз? –деп калды үнү каргылданган аксакал киши.

– И-ии, жумушуңуз барбы?– деп оор ойдон арыла чарчаган жигит кылчая карап бери басты. Милисага тоспо деген ишаарат белгисин берди.– Келиниз?

– Келдим, уулум! Процеске катышып отурдум эле. Мен атандын досу болом. Ташкентте чошуу окуганбыз.Өзүм Жамбылданмын. Гезиттен окуп сүйүнүп жүрдүм эле досумдан калган балдарды бир көрөөр бекем деп. Мына өзүндү да көрдүм. Ырахмат, уулум! Абдирашит достун өзү болупсун, ал кургур өлбөптүр. Ушинтип иштегениңди өзү көргөндө кана, аттиң! Мейли, апаң Тажинса тынчпы? – деп алдындагы жигит кетип калчудай шашып сүйлөдү.

– Жакшы, ал киши азыр Баткенде турат. Атыңыз ким, аяш-ата?

– О, муну карасаң, атымды да айтпай сүйлөй берипмин да. Атым Умар.

– Анда үйгө жүрүнүз, мейман болуп кетесиз. Атам жөнүндө дагы айтып бересиз?

– Жок, мейли, уулум, ырахмат! Чарчадың, барып эс ал. Дагы кудай насип кылса көрүшөрбүз.Абдирашиттин жетпеген бийиктигине силер жетипсиңер, ырахмат! Ылайым жамандык көрбөгүлө, ишиңерге оомат берсин!—деп, жетинбей алмап жатты, көкүрөгү ыйга толо жашылданган кургур киши.

– Аяшата, адресиңизди жазып алайын, керек учурда сүйлөшүп турабыз – деп Дастан көкүрөк депчерчесин ала өзүнүнкүн жазып берип, анан жаны тааныш аяшатасынын чиймеледи.

Мына кокус каза тапкан Абдирашит досуна эңшериле эзилип эстеп жүргөн казак киши аяш уулу Дастанга сот процессинде ушинтип жолугуп, өздөрү жетпеген бийиктикке бир жеткенсип сүйүнгөнчө кеткен экен.

Оо, андан бери да жылдар жылмышып, күндөр сапарынан жазбайт. Кечөө көргөн балдар бүгүн минтип үйлөнүп, жайланып, каадалуу иш үстөлүндө отурушкан чак. Баягы мен Абдирашит акеме суктанчу Панфилов көчөсүндөгү элес ушу азырда жуушуп көргөндөрдүн көзү күйө кудайга шүгүр эл назарында. Элдин тилеги, Тажи эжемдин зарыга күткөн тилеги орундалдыбы, мына көп жылдар жашоо улай албай жаткан эски жалпак там ордуна Абдирашит акемдин улуу уулу Султан эки кабат үй көтөрүүдө. Ата уулдары деген ушу да. Аккан арыкка суу агат деген ушу да. Ооматтын кайра келиши ушу да. Элдин «ал кайра келет»– деген ишениминин да бир мандеми бар сыягы. Өткөндү урмат менен кароо, маркумдарды эстеп, эскерүү Абдирашит акемдин балдарынын назик, таза сезимдеринде терең уялаган. Султан алгач чоң атасы Айжигиттин жан дил ышкысы менен салган тамга кол тийгизерден мурда айыл аксакал, коңушу колондорун чакырып өткөндөргө кадым багыштап, кечирим сурап анан бузду. Мындай

жөрөлгөнү уккан улуу-кичүү айылдаштары канчалык сүйүнүшпөдү. Дагы бир эсте каларлык иш жасаганына кубанышып «азамат, ата уулу! Ким ойлоптур өткөн бабалары кирип, чыгып жашаган чоң дарбазаны ошо бойдон бузбай сактап койот деп. Мындай сезимталдык, өткөндөрдү кадырлоо чанда адамда кездешпесе, кудаа кааласа Абдирашиттин бул баласы кем болбойт!» деп калышты, атайын уккан кулагына ишенбей барып көргөндөр.

Оо, бул дарбаза жашоонун кирди, чыкты белгиси. Султандын бул дарбазаны көзүнүн карегиндей кастарлаганын да жөнү бар. «Бабаларым жасап жашоо улаган дарбаза эч качан жабылбасын, дайыма эл ачып кирип, чыгып турсун» деген илгерки үмүт тилеги. Ошого ырым кылып бузбады. Кана эми, өткөндү кадырлаган ушундай жигиттерибиз көп болсо, жогортто мен айткан чоң сарайлар, мектеп, клуб, чоң идара бузулбас эле. Эстүү жетекчи аны кайра көркөм түс берип өндөп гана коймок. Шылтоого шынаа таппагандар жөн эле каман түрткөндөй сыймап түз кылып салышпадыбы.

Тууган жердин топурагы алтын дегендей жер кадыры алыста жүргөн адамга өтөт, ошо гана билет, ошо гана каны –тенинде сезет. Башкасын кой «Карабулагымдын итине айланайын!» деген, алыска кеткен кыздарыбыздын, акаларыбыздын көз жаштуу арман кошокторун канча укпадык. Бир өмүр эсимде элес калган, өз көзүм менен көрүнүш ушу болду, аны эч качан унуталбасам керек. Ыраматылык Америкада калган Сыдык авам туулган жери Карабулагына келгенде суу башынын суусуна жүзүн чайганда колуна чачык сунсам «жөн кой, денеме ушу Карабулагымдын суусу сиңсин» деп арчыбай койгон. Аттиң, эл-жердин кадыры ушунчалыкпы, биз барк-баасына жетпеген жөнөкөй нээрселерге да маани берип, ошо аркалуу тууган жерди өзүнө жакындатуу, көкүрөгүнө сыйбаган арман-дартты ошо аркалуу чыгаруу, өзүн алаксыта жоонткоруу. Жөн эле күйүп кетпедимби Сыдык авамдын ошентип бир бала кейпинде бөжүрөп «жөн кой ушинтип сиңсин денеме» дегени. Аттиң, арман, дүйнө ай! «Баа» деп бакырып Сыдык авамды кучактап алып ыйлаганга чамам гана жетпеди. Жаш өлсө бир арман, жеринен алыс кетсе бир арман дегендей бу тепкедей айылымда баары, баары бар. Арманы да, жыргалы да, күлүкүсү да, ыйы да бар. Учуру келгенде дагы да көкүрөк толо ыйлап да, күлүп да айтып, жазып берермин. Абдирашит акемдин шылтоосу менен айылым жөнүндө, айылдаштарым жөнүндө кыйла көңүл бөскөртө эскерип эстедим

көрүнөт. Менин да толуп ташкан атасыз өскөн балалык жылдарымдын ачуу-таттуусун ким билсин. Жашык дилдин мөлт-мөлт жашылданганынын да жөнү бар, замандаш. Бир кем дүйнөсүз жашоо жашообу. Акырында айтаар кебим түгөл дүйнө болгон эмес, болбойт да. Түбөлүк жашоонун бир белгиси атадан калган туяк. Мына ошо Абдирашит акемден калган туяктар ата жолун улай беришсин. Мен эскерген маркумдардын жаткан жерлери жайлуу, топурагы торко болсун! Оо-мин!

Бу дүйнөн жалгандыгы беш күндүк жашоо, а тиги дүйнөнүн чындыгы сен түбөлүк ошо жактыксын.

Тушунда тулпар тапталса,
Туйгун куш көктө баркталса,
Пендеси кургур иш сөзүн,
Тирүүсүндө айталса
Арманы болбос дүйнөнүн.

*Карабулак айылы*
*26-июнь, 2003-жыл.*

**МУРЗАПАР Үсөн**

# БИРИНЧИ

*Баткен районунан чыккан*
*биринчи юрист Абдирашит АЙЖИГИТОВДУН*
*жаркын элесине багышталат*

Компьютерде көркөмдөгөн *Ч. Жеентаева*
Терүүгө 02.07.2003 берилди. Басууга 12.08.2003 кол коюлду.
№1 офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84/16. Жөнөкөй
ыкма менен басылды. 3,0 физ. басма табак. Нускасы 500.
Келишим баада

ОсОО «Сабыр», Кольбаева көчөсү, 45.
АООТ Кант типографиясында басылды. Кант ш.